ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетиндеги (МИТФ) автоматташтырылган системалар жана санариптештирилген технологиялар (АССТ) кафедрасынын профессордук-окутуучу курамы менен “Саламаттыкты сактоодогу информатика” адистиги боюнча **жумуш берүүчүлөр менен жолугушуу**, маектешүү жана пикир алышуу үчүн онлайн түрүндө уюштуруу жана жыйынтыктарын НББПларда пайдалануу ишинин

**ПРОТОКОЛУ**

Ош ш., ОшМУ **ZOOM** тиркемесин пайдалануу менен онлайн жолугушуу

**19.12.2020**

***Катышкандар:*** ф.-м.и.к., доцент Молдояров Уларбек Дүйшөбекович, ф-м.и.к., доцент Чамашев Марат кахарович, ф-м.и.к., доцент Беделова Нургул Салибаевна, т.и.к., доцент Атырова Рахат Сулаймановна, улук окутуучулар Саданов Абдибек Дүйшөбаевич, Ажибекова Айзада Токтогуловна, окутуучу Ойчуева Роза Рахманбердиевна, улук лаборанттар Сүйүнбек уулу Акжол, Полотов Айдар, Сайдакматова Альмаида.

**Жумуш берүүчүлөр**

1. Алдашүкүров Ырысбек Абдыжапарович – ЦУМдун директорунун орун басары (Ош шаарындагы жалпы 11 поликлиниканы караган ҮДБ)
2. Рысматова Флора Таштемировна –м.и.к., Директор МЦ "Ак-Куу"
3. Асанбек кызы Айпери - Областык орукананын директорунун орун басары.
4. Маманова Гүлдөй Аматовна - ОсОО “Ооруба” Медлайн жетекчиси
5. Омүрбекова Каныкей - "Бэман" дарылоо-диагностикалык борборунун финансылык директору
6. Алманбетова Назира - Ош шаарынын №9 поликлиникасынын башкы дарыгери.

**“Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия ” программасынын медицина багытындагы дисциплиналарын тейлеген кафедралардын башчылары**

1. Сакибаев Кыялбек Шерикбаевич – Анатомия, гистология жана нормалдуу физиология кафедрасынын башчысы
2. Мамаев Түгөлбай Мамаевич - Коомдук саламаттыкты сактоо кафедрасынын башчысы
3. Тайчиев Имамназар Тайчиевич - Эпидемиология, микробиология жана жугуштуу оорулар кафедрасынын башчысы

**АССТ кафедрасынын профессордук-окутуучу курамы жана адистиктин жетекчилери**

1. Чамашев Марат Кахарович -“Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия” программасынын жетекчиси
2. Сарыкова Жумагүл -“Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия” программасынын проект жетекчиси

## Күн тартиби

1. Жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына ылайык келген жогорку билимдүү, кесипкөй кадрларды даярдоо (ЖОЖдун миссиясы, максаттары, окуу системасы, студенттердин практика өткөрүүсү, өнүгүү жолдору ж.б);

**Кеңешменин жүрүшү**

Кафедра башчысынын ф.-м.и.к., доцент **У.Д. Молдояров** иш берүүчүлөр менен кенен таанышып, учурдагы кырдаалды түшүндүрүү менен кеңешменин жүрүшүндө төмөндөгүлөрдү сүйлөдү:

- Саламатсыздарбы урматтуу коноктор, кесиптештер. Биздин чакырууну туура кабыл алып, келип бергениңиздер үчүн алгач баарыныздарга ыраазычылык билдирем. Бул уюштурулуп жаткан иш-чаранын негизги максаты – Саламаттык сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия программасы багыты боюнча студенттерди даярдоодогу негизги билим берүү программасын (НББП) жакшыртуу максатында, окуу программаларын (элективдүү курстар, практикаларды) талкуулоо о.э. иш берүүчүлөрдүн суроо – талаптарын жана сунуштарын угуп, сиздер менен болгон байланышты чыңдоо менен НББП эксперттик курамын түзүү болуп саналат

**Жумуш берүүчү Рысматова Флора Таштемировна:** Урматтуу Улар Дүйшөбаевич агай жана профессордук-окутуучу курам бүгүнкү отурумду адистикти даярдоодо эң негизгиси өз убагында баштапсынар, дегеним азырынча бүтүрүүчүлөрүңөр чыга элек. Бул жалпы мамлекеттик көйгөй, медициналык технологияларды тейлеген адис табуу жалпы эле медициналык борборлордо жетишсиз. Башка IT тармагындагы адистер мед.техник, системалык администратор сыяктуу жумуш орундарында көпкө иштебей жатышат, ошол көйгөлөрдү чечүүдө өтө сонун адистик. Сунуш боюнча окуу пландары туура эле жолдо кетип баражатат, анатомияны жакшы өздөштүрүшсө эле калганын даярдап бересиңер, башка эмне, ийгилик деп гана айта алам.

**Жумуш берүүчү Омүрбекова Каныкей:** Урматтуу профессордук-окутуучу курам жана Улар агай өтө кубанычтамын, мен биринчи жолу угуп жатам, эң сонун адистик. Мен жеке клиникадан келдим, бизде медициналык мекемелердин иштерин автоматташтыруу үчүн адистер өтө жетишсиз, учурда баардык мамлекеттик мекемелер ошонун ичинде жеке клиникалар да бул автоматташтырууга өтүп жатат. Ал автоматташтырууну жеке фирмалар бир миллион сомго даярдап берип жатышат, ал эми даяры минимум 200 миң сом. Ал жерде көп жумуштар автоматташтырылат экен мисалга: кайсы бир мед.адисибиздин квалификациясын жогорулатуу мөөнөтү келип калгандыгын, иш кагаздардын катарын тартипке салуу дегендей. Ошондой эле

медициналык клиникалар билет УЗИ, физиотерапия аппараттарын ондой турган ашып кетсе Ош шаары боюнча 2 же 3 эле адис бар, алардын дагы жаштары улгайып калган. Менин сунушум жогорудагы айткан автоматташтырууну көзөмөлдөөнү эске алсаңыздар.

Бул талкууда учурдагы шартка байланыштуу иш берүүчүлөрдөн Google class тиркемесинин жардамында онлайн анкета алынары да белгиленди.

Кеңешменин жүрүшүндө "Саламаттыкты сактоодогу информатика жана биомедициналык инженерия" багыты боюнча программа жана проект жетекчилери да маалымат берип өтүштү жана НББПларын жакшыртуу боюнча эксперттик топко мүчөлөрдү бекитишти.

Жумуш берүүчүлөрдүн көптөгөн сунуштары жан ой-пикирлери протоколдоштурулгандан сырткары видеожазуу жана сүрөткө алуу менен коштолду.

Эгер мындан да көбүрөөк маалымат алганды каалсаңыздар ОшМУ нун www.Oshsu.kg сайтынан көрсөңүздөр болот

**Күн тартибине коюлган маселени талкуулашып төмөндөгүдөй ЧЕЧИМ кабыл алынды:**

1. Жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына ылайык келген жогорку билимдүү, кесипкөй кадрларды даярдоо боюнча өткөрүлгөн талкуу канааттандырарлык деп кабыл алынсын.

2. Жумуш берүүчү Омүрбекова Каныкейдин сунушу кафедранын кеңешмесинде кароо жана элективтик курстардын базасын түзүүдө эске алуу сунушталсын.

Кафедра башчысы ф.-м.и.к., доцент У. Д. Молдояров

Катчы: Р. Р. Ойчуева